**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту, «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин Сейдалиева Мира Кошмаматовнанын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Биоэтика философиялык изилдөөнүн объектиси катары» аттуу темада жазылган диссертациясынын**

# КОРУТУНДУСУ

**Төрага:** Аскаров Т.А. – КР УИАнын корреспондент -мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор;

**Мүчөлөрү:** Бокошов Ж.Б. – философия илимдеринин доктору, профессор; Кулназаров А.К. - философия илимдеринин доктору, профессор талапкер **М.К. Сейдалиеванын** 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Биоэтика философиялык изилдөөнүн объектиси катары»** аттуу диссертациялык ишин карап чыгуу менен төмөндөгү корутундуга келишти:

**1. Диссертациялык кеңеште коргоону өткөрүү укугу берилген иштин адистигинин ылайык келүүсү.**

М.К. Сейдалиеванын **«Биоэтика философиялык изилдөөнүн объектиси катары»** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште биоэтиканын маңызына, философиялык-этикалык проблемаларына философиялык өңүттө анализ жүргүзүлгөн. Ошол себептүү диссертациялык иш 09.00.11 - социалдык философия адистигине толук жооп берет.

**Диссертациянын негизги максаты** – биоэтиканын маңызын, анын этикалык проблемаларын социалдык-философиялык талдоо.

**Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:**

- биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүү;
- биоэтиканын дүйнө караштык мазмунун аныктоо;
- биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрүн изилдөө;
- жашоо баалуулугун биоэтиканын негизи катары иликтөө;
- биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүшүндөгү ролун аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп дисциплиналар аралык илимий изилдөөлөрдүн тармагы болгон биоэтика эсептелет. **Изилдөөнүн предмети** катары биоэтиканын философиялык-этикалык проблемалары саналат. Изилдөөнүн обьектиси жана предмети 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына жооп берет.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Инсандын эркин өнүгүү жолдорун издөө, экзистенциалдык укуктарын, ал эми биотехнологиялык революция шартында анын биосоциалдык бүтүндүгүн коргоо жөнүндөгү маселелер табигый илимдик жана философиялык элестөөлөргө таянып адам проблемасын терең илимий-теориялык өздөштүрүүнү талап кылат. Индивидди изилдөөнүн социалдык-этикалык маселелери илимий-техникалык жана социалдык прогресстин табигый натыйжасы катары пайда болду.

Социумдагы руханий кырдаалдын өзгөрүшү, адам укугу негизги орунда турган коомдук аң-сезимди демократиялаштыруу процесси индивиддин жашоого карата жоопкерчилигин өзгөрттү. Моралдык плюрализмдин жогорулашы, эксперименталдык изилдөөлөрдүн үстүнөн этикалык жана укуктук көзөмөлдүн зарылдыгы, биоэтикалык проблемалардын ааламдашуусу биоэтиканын маңызын, анын социалдык-этикалык проблемаларын терең изилдөөнү талап кылат. Аталган жагдайлардын баары биоэтиканын социалдык-этикалык, философиялык-дүйнөгө болгон көз караштык проблемаларын иштеп чыгуунун адам жөнүндөгү азыркы илим үчүн теориялык жана практикалык жактан актуалдуулугун баса белгилейт.

**Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жоболордун «Илимий даражаларды алуу үчүн сунушталган диссертацияларга**

**коюлган баалардын критерийлери жана талаптары» аттуу II бөлүгүнүн чегиндеги иштин илимий жыйынтыктары.** Автор изилдөөсүнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Диссертацияда биоэтиканын маңызына, анын этикалык проблемаларына социалдык-философиялык анализ жүргүзүшү, автордун философиялык изилдөөлөргө кошкон жеке салымы болуп эсептелет. Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теоретикалык жыйынтыктар берилген:

***1-жыйынтык.*** Диссертациялык иште биоэтиканын маңызы, анын калыптанышынын философиялык, тарыхый жана табигый-илимдик булактары талданган;

***2-жыйынтык.*** Изилдөөдө биоэтиканын дүйнө караштык мазмуну, анын социалдык философия алкагында изилденүү багыттары көрсөтүлгөн;

***3-жыйынтык.*** Биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрү аныкталган;

***4-жыйынтык.*** Изденүүчү тарабынан жашоо баалуулугу биоэтиканын негизи катары философиялык талдоого алынган.

**3. Изденүүчүнүн диссертацияда берилген жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жалпылык жана негиздүүлүк деңгээли.**

***1-жыйынтык.*** Биоэтиканын негизги милдети биомедицина тармагында медиктер, социум менен биргеликте турмуштук маанилүү чечимдерди кабыл алуу, гуманисттик дүйнөгө болгон көз карашты иштеп чыгуу болуп саналат. Анын функцияланышынын негизги чөйрөсү - техникалык мүмкүнчүлүктөр менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын ортосундагы өз ара карым-катнаш. Башкы максаты - адамдын жашоосун жана саламаттыгын медицина менен биологиянын негативдүү таасирлеринен коргоо.

***2-жыйынтык.*** Азыркы интеллектуалдык турмуштун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп дүйнө караштык плюрализмдин жалпы негиздерин, гуманисттик башатын издөө эсептелет. Социомаданий ар түрдүүлүк шартында кызматташтыкка өбөлгө түзгөн жалгыз негиздеме

катары инсандын баалуулугун, анын ар-намыска жана бакытка карата укугун, кесиптик, улуттук жана башка ушул сыяктуу чөйрөлөрдөгү адам укугунун артыкчылыктарын бекемдөө каралышы зарыл. Биоэтика өзгөчө формада илимдин гуманисттик маңызын ишке ашырууга, адамдын өзүнө жана дүйнөгө карата мамилесинин универсалдык-практикалык тибин түзүүгө жол ачат.

***3-жыйынтык.*** Тигил же бул улуттук мүнөздө чагылдырылган менталдык өзгөчөлүктөр анын көрүнүү чөйрөсүнөн көз карандылыкта коомдук турмушка социалдык деструктивдүү жана конструктивдүү таасир тийгизиши мүмкүн. Коллективизм, жалпылыктын биринчи орунга чыгып, индивидуалдуулукту четке кагышы, антипрагматизм, чыдамкайлык, курмандыкка чалуу, кризистүүлүк, максимализм жашоого жана ден-соолукка негативдүү таасирин тийгизип, жеке кызыкчылыктарды унутуу, мансапка умтулбоо, өзүн курмандыкка чалуу, жооптуу чечимдерди тез кабыл алууга жөндөмдүүлүк сыяктуу нравалык мүнөздөмөлөрдү камтыган врач гуманисттин өзгөчө тибин калыптандырган.

***4-жыйынтык.*** Биоэтиканын азыркы социумдагы социалдык-аксиологиялык потенциалы учурдагы медициналык этикада негизги нормалардын жана принциптердин проблемалуулугун жеңип чыгуу зарылдыгы, адамдын саламаттыгын жана жыргалчылыгын сактоонун гендердик аспектилерин актуалдаштыруу, адам жашоосунун аксиологиялык статусун негиздөө менен түшүндүрүлөт.

***5-жыйынтык.*** Биоэтика социалдык институт катары жарандардын ортосундагы теңдикти, алардын укуктарын коргоону башкы орунга коюп, айрым инсандардын медицинадагы артыкчылыктарын жоюуга багытталган. Аталган институт мамлекеттеги бардык жарандардын укуктарын теңдик принцибинин негизинде коргойт.

**Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий (жоболорунун, корутундуларынын, натыйжаларынын) жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү.**

Диссертациялык иште чыгарылган жоболор жана жыйынтыктар, автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө илимий концептуалдуу негизде ишенимдүү ой-пикирлер менен негизделген. Изилденүүгө алынган проблема өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болду.

-биоэтиканын маңызына тарыхый-логикалык талдоо жүргүзүлдү;

- биоэтиканын дүйнө караштык мазмуну аныкталды;
- биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрү изилденди;
- жашоо баалуулугу биоэтиканын негизи катары иликтенди;
- биоэтиканын адамдын туруктуу өнүгүшүндөгү ролу аныкталды.

***1-жыйынтык.*** Биоэтика феномени философиялык аспектиде каралган. Биоэтиканын маңызы, анын дүйнө караштык мазмуну иштин негиздүүлүгүн түзөт.

***2-жыйынтык.*** Биоэтиканын негиздерин изилдеген ата-мекендик социолог, философ окумуштуулардын эмгектерине салыштырма анализ жүргүзүү иштин жаңылыгы болуп саналат.

***3-жыйынтык.*** Биоэтиканын калыптанышынын менталдык өзгөчөлүктөрү социалдык-философиялык өңүттө анализ жүргүзүлгөндүгү жаңычылдык мүнөзгө ээ.

***4-жыйынтык.*** Жашоо баалуулугу биоэтиканын негизи катары иликтенди. Бул иштин негиздүүлүгүн жана аныктыгын көрсөтүп турат.

***5-жыйынтык.*** биоэтикадагы адилеттүүлүк жана адам укуктарынын талданышы негиздүү жана так берилген.

**4. Актуалдуу маселелерди, теоретикалык жана практикалык милдеттерди чечүү үчүн ички биримдиктин баасы жана алынган жыйынтыктардын багыттуулугу.**

**М.К. Сейдалиеванын** 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Биоэтика философиялык изилдөөнүн**

**объектиси катары»** аттуу диссертациялык ишинин жоболору өз ичине биоэтика жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди камтыйт.

Илимий иш бир нече жаңы илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтып турат. Бул изденүүчүнүн философия илимине кошкон салымы катары белгилөөгө болот. Диссертациялык иштеги алынган илимий жыйынтыктар бири-бири менен байланыштуу, практикалык сунуштар такталган, теоретикалык жоболор ишенимдүү калыпка салынган.

**5.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иште колдонулган материалдар, изилдөөлөр жана иштин жыйынтыктары философия, социалдык философия, биоэтика, медициналык этика, деонтология, глобалистика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу илимдеринин алкагында каралуучу биоэтиканын негиздерин изилдөөдө жана атайын курстарды, лекцияларды окууда кошумча маалымат катары колдонууга болот. Илимий иште жүргүзүлгөн изилдөөлөр биоэтиканын өнүгүү тендецияларын философия, социология жана тарых илимдеринин алкагында каралган изилдөөлөргө салым кошо алат. Диссертацияда берилген теориялык, илимий жыйынтыктар жана сунуштар азыркы учурда биоэтикалык маселелерди чечүүгө жардам берет.

**6. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарык көрүүсүн тастыктоо.**

М.К. Сейдалиеванын кандидаттык диссертациясында алынган илимий жыйынтыктар изденүүчүнүн төмөндөгү эмгектеринде жүзөгө ашкан:

1. Сейдалиева, М.К. Трансплантациядагы биоэтикалык проблемалар [Текст] / М.К. Сейдалиева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. - Бишкек, 2011. - №2. - 129-133 - б.

2. Сейдалиева, М.К. Клиникалык эксперименттин, трансплантологиянын моралдык-укуктук аспектилери [Текст] / М.К. Сейдалиева // Гуманитарные проблемы современности. - Бишкек, 2011. - №2. - 206-210 - б.

3. Сейдалиева, М.К. Биоэтика менен философиянын байланышы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР.-Бишкек, 2011. -№3.-38-41-б.

4. Сейдалиева, М.К. Биоэтиканын философиялык негиздери [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. – Бишкек, 2011. - №3.- 41-46-б.

5. Сейдалиева, М.К. Биоэтика социалдык институт катары [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР.- Бишкек, 2011. - №1.-134-138 -б.

6. Сейдалиева, М.К. Биоэтикалык билимдердин калыптанышы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. -Бишкек, 2013. -№1. -132-134 -б.

7. Сейдалиева, М.К. Биоэтика: философско-этический аспект [Текст] / М.К. Сейдалиева, Г.Сеитова // ОшМУ жарчысы. -Ош, 2014. -№4. -146-151 - б.

8. Сейдалиева, М.К. Этические принципы отношений: медсестра-пациент [Текст] / М.К. Сейдалиева, Г.З.Абдразакова // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2014. - №4. - 151-156 - б.

9. Сейдалиева, М.К. Этические категории в сестринском деле [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Кудиева// ОшМУ жарчысы. -Ош, 2014. -№4. -156-159- б.

10. Сейдалиева, М.К. Адамдагы социалдык жана биологиялыктын диалектикасы [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2016. - №1. - 189-191 - б.

11. Сейдалиева, М.К. Дарыгердик этиканын тарыхый моделдери [Текст] / М.К. Сейдалиева, А. Барынбаева // ОшМУ жарчысы. -Ош, 2016-№2. -147-152-б.

12. Сейдалиева, М.К. Мээрбандык иштин философиясы [Текст] / М.К. Сейдалиева // ОшМУ жарчысы. – Ош, 2017. - №1. - 140-142 - б.

13. Сейдалиева, М.К. Биоэтика: сущность и особенности [Текст] / М.К. Сейдалиева // The Thirteenth International Conference on Eurasian scientific development. Austria Vienna, 2017. - 76-78-б.

14. Сейдалиева, М.К. Актуальные вопросы биоэтики [Текст] /М.К. Сейдалиева // International Academy Journal “Web of Scholar”. – Киев, 2017. – №6(15). – 85-87-б. ISSN 2518-167X.

15.Сейдалиева, М.К. Ментальные основы биоэтики в Кыргызстане [Текст] /М.К. Сейдалиева // International Academy Journal “Web of Scholar”. – Киев, 2017. – №8(17). – 83-86-б. ISSN 2518.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине толугу менен ылайык келет. Автореферат орус жана англис тилдериндеги окшош резюмеге ээ.

**8. Жетектөөчү мекеменин, расмий оппоненттердин дайындалуусу туурасындагы сунуштардын негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү мекеме катары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия жана илимдин методологиясы кафедрасын сунуштайт.

**Биринчи расмий оппонент –** философия илимдеринин доктору, профессор **Амердинова Магира Мунаждиновна** (автореферат боюнча адистиги 09.00.11-социалдык философия) изилдөө маселесине жакын эмгектери:

1. Амердинова М. М. Самосознание и современность: Бишкек: Бишкек. гуманитар. ун-т, 2002. - 236, 20 см.; ISBN 9967-20-797-3.

2. Амердинова М.М. «Философский анализ достижений ученых-мусульман в области науки», РИНЦ.

**Экинчи расмий оппонент –** изилдөө маселесине жакын эмгектери бар, философия илимдеринин кандидаты, доцент **Акматалиев Асанбек Тургуналиевич** (автореферат боюнча адистиги 09.00.03-философиянын тарыхы) изилдөө маселесине жакын эмгектери:

1. Моралдык аң-сезимдин генезиси жана калыптануу өзгөчөлүктөрү (усулдук колдонмо) -Ош, 2010 5,5 б.т. / 2 б.т.

2.Акматалиев А. “Кыргыздардын адеп ахлактык көз караштары ” -Ош, 2006 0.3 б.т.

Комиссия мүчөлөрү көрсөтүлгөн документтерди карап чыгуу менен Кыргыз Республикасынын УИАнын философия жана саясий укук-изилдөөлөр институту, «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоочу Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешинен **Сейдалиева Мира Кошмаматовнанын** 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Биоэтика философиялык изилдөөнүн объектиси катары»** аттуу темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Комиссиянын төрагасы:**
**КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.Т. Аскаров**

**Комиссиянын мүчөлөрү:**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Ж.Б.Бокошов**

**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.К.Кулназаров**

**Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктайм:**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин**
**кандидаты ____________________** **Н.С.Акматова**